| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>АК-ТАЛАА РАЙОНУ<br>БАЕТОВ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>БАЕТОВСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |
|---|---|---|

**Баетов айыл аймагынын айылдык кенешинин депутаттарынын**
**ТОКТОМУ**

**2026-жылдын "04"февраль №1/4**

**Баетов айыл аймагындагы айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин пайдалануунун 2026-жылга карата келечек планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июну № 243 айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобого ылайык жана Жер кодексинин 24-беренесине ылайык, Баетов айылдык кеңештин туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап чыгып, токтом кылат:

1. Баетов айыл аймагындагы айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин пайдалануунун 2026-жылга карата келечек планы тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Ушул токтом тиркемеси менен Баетов айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
3. Баетов айылдык кеңештин жооптуу катчысы бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Нарын облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл чарба, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **Ч. Азимжанов**

**Макулдашылды**
**Ак-Талаа райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын башчысы ________ Н.Соодонбеков**
**"____"________________2026-жыл**

**Бекитемин**
**Баетов айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы ________ А.Акиев**
**"____"________________2026-жыл**

**Нарын облусунун Ак-Талаа районундагы**

**Баетов, Терек, Байгөнчөк айыл аймагындагы**

**Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик Фондунун жерлерин пайдалануунун 2026-жылга карата**

# КЕЛЕЧЕК ПЛАНЫ

**Келечек пландын** ***текстик бөлүгү.***

**Баетов айыл аймагынын кыскача мүнөздөмөсү.**

Нарын облусунун Ак-Талаа районунун борборунда жайгашкан. Баетов айыл аймагы Баетов, Кайынды-Булак, Терек жана Байгөнчөк айылдарынан турат. **1928-жылы** негизделип, адегенде Актам, **1930**-жылдардан **1981**-жылдын 5-майына чейин Дөрбөлжүн аталган. Атабеков Канчоро Дөрбөлжүн колхозунун тунгуч башкармасынын төрагасы болгон Дөлбөржүн айылы дайыма чарбанын борбору болуп келген. Жогорудагы аталган чарба кийин Жданов атындыгы колхозунун атын алган. Дөрбөлжүн айылы **1981**-жылдын 5-майында Баетов ысымына которулган. Баетов айыл аймагы ээлеп турган жер аянты **124852**кв.км, аэропоттон **120**км алыстыкта, ал эми деңиз деңгээлинен **2100** метр бийиктикте жайгашкан. Жалпы Баетов айыл аймагында айыл чарбасына жарактуу **1409**га жер болсо анын **949**га суу баскан **263** кайрак жер ,**197**га жер менчик огород, КБФ (ФПЗ) **173** Га **96** Га суу баскан **77** га кайрак, Терек айылында айыл чарбасына жарактуу **1640**га жер болсо анын **1592**га суу баскан **48** кайрак жер ,**44**га жер менчик огород, КБФ (ФПЗ) **402** Га болсо **402** Га суу баскан, Үгүт жана Байгөнчөк айылында айыл чарбасына жарактуу **822**га жер болсо анын **752**га суу баскан **70** кайрак жер ,**58**га жер менчик огород,КБФ (ФПЗ) **155** Га болсо **124** Га суу баскан **31** га кайрак жер аянттары бар. Баетов айыл аймагында 1 борборлоштурулган оорукана, 1 ФАП, 8 менчик аптека, 16 менчик мончо, 5 айылдык клуб,1 маданият үйү, 1 борборлоштурулган китепкана. айылдык китепкана 1, 1 кесиптик техникалык лицей, элди таза суу менен камсыз

кылуучу тутукчөлөр, 72 трансформатор, 1502 электр мамылары, жалпы билим берүүчү 6 мектеп, 7 бала бакча, 8 мечит, тегирмендер, дүкөндөр, БСР, бар. Калкынын жалпы саны **12648** адам, түтүндүн саны **2310 2025**-жылга берилген маалымат боюнча.

Баетов айыл аймагы түштүк тарабынан Терек А/Ө, түндүк тарабынан Угут А/Ө. Күн батыш тарабынан Ак-Чий айыл өкмөтү менен чектешкен. Жашоочуларынын негизги иши болуп малчылык жана жер иштетүү болуп эсептелинет. Баетов айылдык Кеңеши 21 депутаттан турат.

Баетов айыл өкмөтүнүн жумушу негизинен жакырчылыкты жоюуга аракет көрүү менен, коомдук-экономикалык өнүктүрүү планын колдонууга жана жылда бекитилген бюджетти аткарууга, коомдук-экономикалык өнүктүрүү планды аткаруу менен бирге өздүк жана мамлекет тарабынан киргизилген функцияларын аткаруу боюнча, о.э. калкка сапаттуу кызмат көрсөтүү иштери жүргүзүлүп келүүдө.

| | |
|---|---|
| Аймак (кв. км.) | 124852 |
| Калкы | 12648 |
| Түтүндөрдүн саны | 2310 |
| Райондук борборго чейинки аралык (km) | 480 |
| Облустан борборго чейинки аралык (km) | 120 |
| Темир жол станциясына чейинки аралык (km) | 310 |
| Жакынкы аэропортко (km) | 120 |
| Деңиз деңгээлинен бийиктиги (т) | 2100 мин, |

Климаты. Континенталдуу, мээлүүн жана кургак. Жайы салкын, кышы калың кар менен суук жана узак, жарым жылга чейин созулат, жазы кыска, нымдуу, күзү да кыска, бирок кургак, мезгил-мезгили менен катуу шамал болуп турат.

Сугат суулары. Баетов айылынын көйгөйлөрүнүн бири болуп суунун тартыштыгы эсептелет. Аймака Терек сай аркылуу Орто -Сырт жайлоосундагы Соломо тоо мөңгүлөрү куят, ал дагы Баетов жана Терек айылдарын камсыз кылат. Өзгөчө Баетов жана Терек айыл аймагынын сугат арыктарынын мойну узун болуп суу тартыш, үлүш жана ижарага алган жерлерин жарандар сугара албай көп кыйынчылыктарды көрүшөт. Дээрлик жайкысын дыйкандар жерлерин бир же эки жолу кана сугара алышат.

## *АЙЫЛ ЧАРБА ЖЕРЛЕРИНИН МАМЛЕКЕТТИК ФОНДУНУН ЖЕРЛЕРИНИН КУРАМЫ*

Учурда айыл Баетов айыл аймагында айыл чарбасына жарактуу **3871** га жер бар, анын ичинде айыл чарба багытындагы мамлекеттик фондунун жерлери - **730** га мунун ичинен **622** га суу баскан, **108** га кайрак жерлер.

## *АЙЫЛ ЧАРБА ЖЕРЛЕРИНИН МАМЛЕКЕТТИК ФОНДУНУН ЖЕРЛЕРИН ПАЙДАЛАНУУ*

кайрак жерлери **7** жылга, кайрак КБФнын **6** га жер

1. Баетов айылында жалпысы **173** га жер бар, **2018**-жылы КБФнын **62,33** га кайрак жерлери **7** жылга, кайрак КБФнын **6** га жер анын ичинен суу баскан жерлерден кооперативтерге – **38,0** га **7** жылдан **17** жылга чейин кооперитивдерге **17** жылга **2036**-жылга чейин, анын ичинен суу баскан жерлерден кооперативтерге жер аянттына укцион аркылуу жарандарга берилген. **2023-жылы 16-** берилген, **2023-жылы 17-апрелинде** жалпысы **33,72** га суу баскан жер аянттына укцион аркылуу жарандарга берилген. Баетов айылынын тургундары **Базаров Алтынбекке 2га мартында** түз берүү аркылуу **Э.Карасартов** атындагы орто мектебине **2.75 га,** Баетов айылынын тургундары **Базаров Алтынбекке 2га** жана **Мааметов Каныбекке 1га Жусупов Жыргалбек 2** га жер аянттары берилген. **2022**-жылы КР нын Министрлер кабинетинин **№309** токтомуна ылайык бошогон жер аянттын **25,21**га жер аянтын айыл чарба депортаментине комиссия аркылуу берилди. **2024**-жылы Кара-Чий участкасындагы бошогон **10**га жердин жарымын **5** га жерди айыл чарба депортаментине өткөрүлүп берилди. **5**га жер Жетишов Асылбекке асыл тукум мал чарбасы боюнча сүт өндүрүп жалпы бала бакчаларды камсыздап келгендигине жана кооперативин эске алып берилген. Мөөнөтү бүткөн 2026-жылга карата Баетов айыл өкмөтүнө тиешелүү **10,13** га бош турат.

2. Терек айылында жалпысы **402га суу баскар** жер аянт бар, 2024-жылы март айында Аукцион аркылуу 152 га жер 5-жылдык мөөнөт менен берилди, кооперативдерге 22 га, аз камсыз үй бүлөгө 16 га, Мектепке 5 га берилген, азыркы учурда 2026-жылга карата мөөнөтү бүткөн **6 га** жер аянты бар. КР нын Министрлер кабинетинин **№309** токтомуна ылайык **201 га** жер аянты айыл чарба депортаменти алган.

3. Үгүт айылында **84 га** жер аянты бар, мунун **42 га** жер аянтын айыл чарба депортаменти алган. 2024-жылы март айында 29,5 га жер аянты жарандарга аукцион жана аз үй камсыз үй бүлөө катары жарандарга берилди. Азыркы учурда 2026-жылга бош жер аянты жок.

4. Байгөнчөк айылында жалпысы **71 га** жер аянты аянты бар, **2023-жылдын 6**-апрелинде **15га** жер аянтын **5**жылдык мөөнөт менен **2028-жылдын 1-январь** айына чейин берилген. 2021-жылдын 13-апрелинде **5** жылдык мөөнөт менен **39**га жер аянты **2026**-жылдын **1-январь** айына чейин аукцион аркылуу берилген. **2024**-жылга карата 2га жерди Байгөнчөк бала бакчасы алган, **3 га** жерге аукцион өткөрүлүп жарандарга берилген. Мөөнөтү бүткөн **15** га ажер аянты бош турат.

5. Бош жалпысы бүгүнкү күндө мөөнөтү бүтүп бошогон жер аянт **31,13 га.**

***Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин аз камсыз болгон жарандарга берүү планы.***

Жалпы айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринин бардык жеринин 20 процентинен ашырбай берилет, эгерде аз камсыз үй бүлөө арыз жазып келсе.

***Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин кооперативтерге берүү планы.***

Жалпы айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринин бошогон 25% процентинен ашырбай берилет, эгерде кооперативдер арыз жазып келсе.

***Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин пайдаланылбаган жерлери***

Жок.

**Калктуу конуштарды кеңейтүү үчүн резервге коюлган жер участкалары.**

Калктуу конуштарды кеңейтүү үчүн резервге калган жер участкалары жок.

**Жер участкалардын жалпы аталышы жана саны:**

Терек айылы: 6 участка. Сооронбай, Бакир 40, Жылтыр Сарай, Кыдыке, 3-11 (2).

Баетов айылы: 9 участка. 33, 100, 46, тосмо, Чек-Сай, Тик-Канал күн чыгышы, Кара-Чий, Дөң-Булак, 17.

Үгүт айылы: 3 участка. Мыкаачы, Ак-Токой, Нарын-Арык

Байгөнчөк айылы: 2 участка. 40, Таластан.

Мунун ичинен 2026-жылы бериле турчу жерлердин аталышы:

Терек айылы: Бакир 40, Баетов айылы: 100, 46, 33 участкалары, Байгөнчөк айылы Таластан, 40 участкасы.

***Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлери торуктун түрү жана мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо:***

Тооруктун түрү аукцион менен берилет жана аз камсыз үй бүлөлөр, кооперативдер, социалдык субъектерге түз берилет.

***Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин жер пландоо аймактары***

***1. Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлери төмөнкү жер-пландоо зоналарына бөлүнөт:***

*1)*Баетов, Терек, Үгүт, Байгөнчөк айылындагы Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун суу баскан жана кайрак жер аянттары экономикалык жактан кызыктырган жерлер болуп эсептелинет.

2)конкурс аркылуу инвестицияларды талап кылуучу жерлердин зонасы жок.

3)талап болбогон жерлердин зонасы жок.

**Жер адис:** **Ө.Чыныбаев**

**Жер ресурстары, кадастр, геодезия, жана картография боюнча мамлекеттик агенттиктин Ак-Талаа филиалынын өкүлү:** Сооронбай к.Н.